# Бишкек шаарындагы №59 орто мектеби

**Предмет:**кыргыз тили

**Класс**: 10-класс

**Программанын аталышы:**Грамматиканы өздөштүрүү сабагы – байланыштуу кепти өстүрүү

**Программанын тиби:**ыңгайлаштырылган

**Түзүүчү:**Маткеримова К.Д.

Бекитилди:

№59 орто мектебинин директору

Сагымбаева А.К.______________

№ 53 буйрук 01.03 2022-жыл.

**Бишкек шаарынын Ленин районуна караштуу №59 жалпы орто билим берүү мектебинин окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 10- классында мектеп компоненти боюнча кыргыз тилин окутуунун программасы**

Бул мектеп компоненти боюнча жазылган программа Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептеринин 10-11- класстарында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун негизги окуу-нормативдик документинин негизинде КРнын Билим берүү мыйзамына ылайык иштелип чыкты.

Аталган программа кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун негизги стратегиясын, үйрөтүү артыкчылыктуу багыттарын аныктайт, мектеп окуучуларына кыргыз тил каражаттары аркылуу билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз тилин окутуунун өзөктүү күрөөн белгилейт.

Программаны түзүүдө буга чейин иштелип чыккан программалардагы бардык дидактикалык принциптер (жөнөкөйдөн татаалга,системалуулук, ырааттуулук сыяктуу) сакталуу менен 10-класстарда кыргыз тили предметин окутуу боюнча окуу программаларындагы тематикалык- мазмундук материалдар камтылды.

**Мектеп компоненти** боюнча түзүлгөн программада грамматикалык материалдар менен байланыштуу кеп текст түзүү менен айкалыштырылып берилди. Гармматикалык теманы өткөн соң кайра текст түзүп иштөөдө теория менен практика айкалыштырылат. Натыйжада, окуучулардын кеп байлыгы өсөт, окуучулар көбүрөөк текст түзүү менен бирге орфографиялык жана стилистикалык нормалардын сакталы шына өзгөчө көңүл бөлүп, кетирилген каталарды кайталабоого көнүгүшөт.

Негизинен жалпы билим берүүдөгү программадан айырмаланып, байланыштуу кеп менен теориялык жалпы кыргыз тили боюнча темалар айкалыштырылып берилди. Жазуу иштерине көбүрөөк көңүл бөлүндү.

Программа боюнча Базистик окуу планынынан сырткары мектеп компонентине ылайык, жалпы орто билим берүүнүн талаптарынын негизинде төмөндөгүдөй жумалык, чейректик, жылдык сааттардын саны көрсөтүлдү.

| Класс | жума б.ч | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектеп компоненти | 1 | 9 | 7 | 10 | 8 | 34 |

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун бул программасы бүтүн логикада түзүлгөн документ, ал үч негизги бөлүктөн турат, т.а. кыргыз тилин окутуунун жалпы маселелери, окуу материалдарынын негизги мазмуну, алардын класстарга жана сааттарга бөлүнүшү жана окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган эки өзгөчөлүктүү компонетти бөлүп көрсөтүүгө болот, алар:

-мурдагы программаларга караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана негизги компетенттүүлүктөрдүн (тилдик, коммуникативдик жана маданий) талаптагынын ачык көрсөтүлүшү;

-окутуудан алынуучу натыйжалардын так жана даана белгилениши;

окуучулардын жетишилген теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

**Мектеп компоненти үчүн түзүлгөн программанын негизги өзгөчөлүгү:**

Кыргыз тилин окутуунун негизги өзгөчөлүгү күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин баарлаша алууга, угуп түшүнүүгө, окуп түшүнүүгө жана жазууга үйрөтүү.

-окуучулар өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүү;

-кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;

-сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алуу менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүгүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;

- кыргыз тилинде массалык маалымат булактарын түшүнүүгө жетишүү;

-болуп өткөн же боло турган окуя туурасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;

-темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана өз алдынча текст түзө алуу;

-иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.

Кыргыз тили предмети дал ушул кызматтарды аткаруу менен, окуучунун инсан жана атуул катары ар тараптан калыптануусунун пайдубалы да болуп берет, анткени кыргыз тилинде ой жүгүртүүсү өсүү менен башка бардык окуу предметтерин талаптагыдай өздөштүрүүнү шарттайт.

Ошондой эле программабызда:

- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер;
- байланыштуу кеп, кеп маданияты жана стилистика;
- жазуу иштерине көп көңүл бөлүндү.

Мына ушул багыттар, логикалуу түрдө алганда, кыргыз тилинен мектептик билим берүүнүн негизги мазмунун да, негизги өзөгүн да бирдей даражада түзүп т.а. анын мазмунунун негизги компоненттери катары эсептелинет. Ар убакта кыргыз тили сабактарында окуучулардын теориялык билимин түптөөгө көбүрөөк басым коюлуу менен, алар мектепти аяктаганда кыргыз тилинде жетишердик компетенттүүлүккө ээ болууга аракет жасашыбыз абзел.

Ал үчүн эң биринчиден, жогоруда белгиленгендей, грамматикага ашыкча көңүл бурулуу менен, окуучулардын жазуу жана оозеки түрдөгү практикалык (функционалдык) сабаттуулугун калыптандырууга көп убакыт бөлүү зарыл. Ошондуктан программабызда окуучулардын практикалык сабаттуулугун көтөрүү-негизги маселе болду.

Мунун өзү – грамматиканы өздөштүрүү сабагы – байланыштуу кепти өстүрүү жана кеп маданиятына үйрөтүү сабагы болуусу керек, -деген методикалык жобону алдыга койду. Андай болсо, окуу программасын жазууда грамматиканын ар бир сабагы байланыштуу кеп жана кеп маданиятынын материалдары менен логикалык түрдө байланышта берилүүсү тийиш экенин көңүлгө салат. Мунун өзү буга чейин иштеп

…ген мектептеги окуу программасынын негизинде түзүлдү.Тактап айтканда, анын …ки модели: грамматика +байланыштуу кеп маданияты жана сөз байлыгын өсүрүү- деген багытта.

Албетте, байланыштуу кептин материалдарын берүүдө ар бир грамматикалык тема өтүлгөндө, ал кептин курулуш материалы катары эсептелинүү менен, текстти сабаттуу жазуу (жат жазуу), текстти талдоо жана кайра түзүү (баяндама) жана жаңы текст түзүү (дилбаян) сыяктуу жазуу ишмердүүлүктөрү системалуу каралды .

- кептин тазалыгы (кыргыз тилин таза сүйлөө жана жазуу ишмердүүлүгү);
- кептин тактыгы (кыргыз тилинде так ой жүгүртүү менен жазуу жана сүйлөө ишмердигине ээ болуу);
- кептин тууралыгы (туура жазуу жана туура сүйлөө эрежелерине жараша кыргыз тилинде туура жазуу жана туура сүйлөө ишмердигине ээ болуу);

**Программабыздын негизги максаты:**

1. Окуучуну кыргыз тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү;
2. Кыргыз тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты жана чындыкты чагылдыруунун куралы, ошондой эле башка окуу предметтери боюнча билим алуунун *да куралы* катары колдонууга көнүктүрүү;
3. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигин жеткилең түшүндүрүү;
4. Кыргыз тилинин фонетикалык системасын лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга үйрөтүү;
5. Окуучуну кыргыз тилинин тил бирдиктеринин маанисин жана функцияларын толук аңдап билүүгө, кыргыз тилиндеги кубулуштарды, фактыларды талдай алууга үйрөтүү; оозеки жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоого машыктыруу.

***Жүрүм-турумдук.***

1.Окуучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө,угуу,окуу жана жазуу) жана сүйлөшүү, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтүү.

*2.* Ар кандай чөйрөдө жана тематикада оозеки-жазуу түрүндө сабаттуу сүйлөө-жазуу маданиятына көнүктүрүү. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча текшере алууга, сын көз менен карап, аны дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылуу;

3. Баалуулук. Окуучуну кыргыз тилин кыргыз элинин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга үйрөтүү. Кыргыз тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого көнүктүрүү.

Жогорудагы критерийлер толугу менен программада эске алынды. Окуучуларды өбүнчө практикалык сабактарга көңүлүн буруу жагы программабызда кеңири каралды.

**Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө окуучулардын жетишкендиктерин баалоо**

**Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери (монологдор, диалогдор, долбоор иштери)**

Оозеки жооптор беш критерий боюнча бааланат:

1. Мазмун (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде).

2. Маек куруучу менен өз ара аракеттенүү (маекти логикалуу жана байланыштуу кура алуу, репликалар менен алмашууда кезекти сактай алуу, суроолорго аргументтүү жоопторду бере алуу, маекти баштай алуу жана аны уланта алуу, ал эми маек үзүлүп калган учурда кайрадан аны кура алуу, тактоо, суроо берүү);

3. Лексика (сөздүк кор тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык);

4. Грамматика (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык);

5. Тыбыштардын айтылышы (кыргыз тилинин тыбыштарын туура айтуу, сүйлөмдөрдө туура интонацияларды сактоо).

**Чыгармачыл жазуу иштери ( эссе, дил баян, долбоор, кат ж. б.) төмөнкү беш критерийлер боюнча бааланат.**

1. *Мазмун* (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде).

2. *Иштин структурасы* (логикалуулук, жазуу түрүнүн форматын сактоо, текстти абзацтарга бөлүү).

3. *Лексика* (сөз кору тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык).

4. *Грамматика* (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык).

5. *Орфография жана пунктуация (*орфографиялык каталардын жоктугу, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери сакталган).

**Чыгармачыл жазуу иштери ( эссе, дил баян, долбоор, кат ж. б.) төмөнкү беш критерийлер боюнча бааланат:**

1.*Мазмун* (иштин берилген көлөмүн сактоо, темадан четтебөө, тапшырмада берилген бардык аспекттерди камтуу, тапшырманын түрүнө ылайык кептин стилин, адеп эрежелерин сактоо, аргументациялоо тиешелүү деңгээлде).

2. *Иштин структурасы* (логикалуулук, жазуу түрүнүн форматын сактоо, текстти абзацтарга бөлүү).

3. *Лексика* (сөз кору тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдетке ылайык).

4. *Грамматика* (ар түрдүү грамматикалык конструкцияларды колдонуу тиешелүү класстын талаптарына жана коюлган милдеттерге ылайык).

5. *Орфография жана пунктуация (*орфографиялык каталардын жоктугу, пунктуациянын негизги эрежелерин сактоо: сүйлөмдөр баш тамга менен жазылып башталат, ар сүйлөмдүн аягында чекит же суроо, илеп белгилери коюлган, ошондой эле үтүр коюунун негизги эрежелери.

**Адабияттар:**

1. Б. Абдухамидова, Кыргызча кеп адеби, Б., 2008.
2.И.Абдувалиев, Кыргыз тилинин морфологиясы, Б., 2010.
3. С.Мусаев, Кеп маданиятынын маселелери (Б.,2004);
4. Б.Исаков, Кыргыз тилин орто мектептин 5-11-класстарында натыйжалуу окутуу боюнча усулдук колдонмо (Б.,2011);
5. С.Рысбаев, Сөз жөнүндө дастан (Б.,2013);
6.С.Рысбаев, А.Акматова, "Окуучунун сүйлөө ишмердиги" ( Б.2013).. С.
7.Рысбаев, «Окуучунун дилбаяны», Б., «Интерполиграф» басм., 8 б.т., (Б.,2010).
8. С. Рысбаев, «Жат жазуу иштерин жүргүзүүнү өркүндөтүү технологиялары», Б., «Интерполиграф» басм., 5 б. т., (Б., 2010-жыл).
9.С.Үсөналиев, Б.Өмүралиев Азыркы кыргыз тилинин таблицалары. (Б.,2003);

**Мектеп компоненти боюнча №59 орто мектебинин окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 10-класстар үчүн**

## Түшүнүк кат

Бул мектеп компонентинин планы **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Билим берүү жөнүндө", "Мамлекеттик тил жөнүндө"** мыйзамдарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген **"Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун предметтик стандартынын"** негизинде түзүлгөн (10-11-кл.) программанын негизинде иштелип чыкты.

Планды түзүүдө буга чейин иштелип чыккан программалардагы бардык дидактикалык принциптер (жөнөкөйдөн татаалга, системалуулук, ырааттуулук сыяктуу ) сакталуу менен 10-класстарда кыргыз тили предметин экинчи тил катары окутуу боюнча окуу программаларындагы тематикалык – мазмундук материалдар календарлык планды түзүүнүн талабына ылайыкталды.

Ошондой эле кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун деңгээлин жогорулатып,натыйжалуулугун арттыруу максатында тилдик-грамматикалык материалдарды каражат катары колдонуу менен окуучулардын оозеки,жазуу кеп маданиятын калыптандыруучу практика түрүндөгү машыгуу,көнүгүүлөргө кеңири орун берилген. Календарлык планда мына ушул жагдайлар эске алынып,программада көрсөтүлгөндөй кеп жана кеп маданиятынын материалдары грамматикалык материалдар менен айкалыштыра берилди.Ошондуктан,мектеп компоненти боюнча түзүлгөн календарлык планда эң башкысы "Кыргыз тилин окутуунун предметтик стандартындагы" кыргыз тилин максатка ылайыктап,практикалык багытта натыйжалуу окутуу,ал аркылуу окуучулардын жазуу (Орфографиялык,пунктуациялык эрежелерди),сүйлөө ишмердиктерин бирдикте жүргүзүү,кептик,тилдик жана маданий компотенттүүлүктөрдүн негизинде инсанга багыттап окууга басым жасалган.Айрым грамматикалык темаларга тиешелүүлүгүнө карай текст түзүп,окуучуларды теория менен практиканы айкалыштырып окууга зор көңүл бурулду.Ар бир чейректик материалдарда байланыштуу кеп текст түзүү менен айкалыштырып берилди.Тажрыйбалуу мугалим негизги грамматикалык теманы өткөн соң кайра текст түзүп иштөөдө теория менен практиканы айкалыштырат.Натыйжада окуучунун кеп байлыгы өсөт,окуучулар көбүрөөк текст түзүү менен бирге орфографиялык жана стилистикалык нормалардын сакталышына өзгөчө көңүл бөлүп,келтирилген каталарды кайталабоого көнүгүшөт.

Негизинен жалпы билим берүүдөгү календарлык пландан айырмаланып,байланыштуу кеп менен теориялык жалпы кыргыз тили боюнча темалар айкалыштырып берилди.

Планда Базистик окуу планынан сырткары мектеп компонентине ылайык,жалпы орто билим берүүнүн талаптарынын негизинде төмөндөгүдөй жумалык ,чейректик сааттардын саны көрсөтүлдү.

| Мектеп компоненти | Жума боюнча | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | жылдык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1саат | 9 саат | 7 саат | 10 саат | 8 саат | 34 саат |

**Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн 10-класстын мектеп компоненти боюнча календардык планы**

**(жумасына 1 сааттан, жыл бою 34 саат )**

**1-чейрек 9 саат**

| № | Өтүлүүчү темалар | сааты | мөөнөтү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | Синтаксис, пунктуация жана кеп маданияты | | | |
| 1 | Сөз айкашы, анын мүнөздүү белгилери.Сөз айкашынын түрлөрү:атоочтук жана этиштик сөз айкаштары | 1 | | |
| 2 | Баш мүчөлөрдүн ортосундагы ээрчишүү байланышы | 1 | | |
| 3 | Тексттен сөздөрдүн ээрчишүү байланышын изилдеп талдоо | 1 | | |
| 4 | Сүйлөм мүчөлөрдүн ортосундагы багыныңкы байланыштар: ыкташуу,башкаруу,таандык | 1 | | |
| 5 | Машыгуу иштери. Сөз айкаштары боюнча талдоо | 1 | | |
| 6 | Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары.Текст менен иштөө | 1 | | |
| 7 | Практикалык сабак: "Менин айылым"деген темада баяндоо тибиндеги сүрөттөөнүн элементтери катышкан текст түзүү | 1 | | |
| 8 | Кириндн сөздөр | 1 | | |
| 9 | Машыгуу иштери | 1 | | |

**2-чейрек 7 саат**

| № | Өтүлүүчү темалар | сааты | мөөнөтү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | Лексика, лексикология, семасиология | | | |
| 1 | Сөз жана алардын маанилери (сөздүн лексикалык,грамматикалык жана көп маанилүүлүгү) | 1 | | |
| 2 | Сөздүн тике жана өтмө маанилери | 1 | | |
| 3 | Практикалык сабак:Тике жана өтмө маанидеги сөздөрдү тексттен табуу | 1 | | |
| 4 | Сөздүн эмоционалдык мааниси | 1 | | |
| 5 | Жат жазуу | 2 | | |
| 6 | Кайталоо | 1 | | |

## 3-чейрек 10 саат

| | Өтүлүүчү темалар | сааты | мөөнөтү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Татаал сүйлөм | 1 | | |
| 2 | Практикалык сабак:Татаал сүйлөмдөрдү катыштырып текст түзүү | 1 | | |
| 3 | Окуучулардын кеп байлыгын өстүрүү | 1 | | |
| 4 | Тике жана кыйыр сөздөр | 1 | | |
| 5 | Текст менен иштөө.Тике жана кыйыр сөздөрдү тексттен табуу | 1 | | |
| 6 | Цитата жөнүндө түшүнүк | 1 | | |
| 7 | Практикалык сабак: Цитатаны колдонуу | 1 | | |
| 8 | "Менин мектебим" деген темада эссе жазуу | 2 | | |
| 9 | Орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди кайталоо | 1 | | |

## 4-чейрек 8 саат

| № | Өтүлүүчү темалар | сааты | мөөнөтү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тилинин морфология бөлүмү. Морфология боюнча жалпы түшүнүк берүү | 1 | | |
| 2 | Кызматчы сөз түркүмдөр: Байламта, Бөлүкчө | 1 | | |
| 3 | Жандоочтор,Модалдык сөздөр Тексттен кызматчы сөздөрдү табуу | 1 | | |
| 4 | Кызматчы сөздөрдү катыштырып текст түзүү | 1 | | |
| 5 | Тема жана андагы ой | 1 | | |
| 6 | Абзац | 1 | | |
| 7 | Жазуу иштери "Мен келечекте ким болом?" | 1 | | |
| 8 | Катанын үстүндө иштөө | 1 | | |